КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-ТУУ
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН

КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ
АЙЫЛ ОКМОТУ

ТЕСКЕМЕ
РАСПОРЯЖЕНИЕ

07.07.2026г. № 01-9/1105 Мундуз айылы

**Коррупциялык тобокелдиктердин реестрин жана аларды азайтуу боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги №232 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө» жобонун талаптарын аткаруу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун 2026-жылдын 18-июнундагы №51-б буйругу менен бекитилген «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарында коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын типтүү тизмесин» жетекчиликке алып,

ТЕСКЕМЕ КЫЛАМ:

1. Айыл өкмөтүндө жүргүзүлгөн ички баалоонун жыйынтыгы боюнча түзүлгөн Коррупциялык тобокелдиктердин реестри (1-тиркеме) бекитилсин.
2. Коррупциялык тобокелдиктерди жоюу жана азайтуу боюнча иш-чаралар планы (2-тиркеме) бекитилсин.
3. Төмөнкү кызмат адамдары жооптуу болуп белгиленсин:

ички баалоону жүргүзүү үчүн – юридикалык маселелер боюнча адис;

иш-чаралар планынын аткарылышын координациялоо үчүн – башчынын орун басарына;

мониторинг жана отчетту жүргүзүү үчүн – жооптуу катчы.

4. Ар бир түзүмдүк бөлүмдүн жетекчилери ушул тескеме менен бекитилген иш-чаралардын өз убагында аткарылышын камсыз кылышсын.
5. Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө өзүмө калтырылсын.

**Башчы** **Б.Абдурашидов**

Сканировано с CamScanner

*Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн*
*2026-жылдын 7-июлундагы*
*№ 01-9/105 тескемеси*
*менен кабыл алынган*
*№ 1-тиркеме*

**Кызыл-Туу айыл Өкмөтү**
**КОРРУПЦИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИКТЕРДИН РЕЕСТРИ**

| № | Мамлекеттик органдын/ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын пайда болуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: системалуу (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалдык | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн, орточо, жогору) | Түзүмдүк бөлүмдүн (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) аталышы | Коррупциялык тобокелдиги бар кызмат орундары | Башка мамлекеттик органдарда/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктин пайда болуу ыктымалдыгы (бар болсо органдарды көрсөтүү) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Функциясынын түрү: кызмат көрсөтүү** | | | | | | | |
| **1** | Жарандарга маалымкаттарды берүү | Маалымкаттарды кезексиз берүү, документтерди тездетүү үчүн мыйзамсыз сый акы талап кылуу | Реалдуу | Орточо | Аппарат | Жооптуу катчы, адистер | Жок |



Сканировано с CamScanner

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Жарандардын кайрылууларын кароо | Кайрылууну оң чечүү үчүн жеке кызыкчылык жаралышы мүмкүн | Потенциалдуу | Орточо | Аппарат | Жооптуу тиешелүү кызматкерлер | Жок |
| **Функциясынын түрү: жөнгө салуу** | | | | | | | |
| 3 | Жер тилкелерин берүү жана пайдалануу маселелерин кароо | Жер тилкелерин бөлүштүрүүдө тааныш-билиштик, кезектүүлүктү бузуу | Реалдуу | Жогорку | Жер маселелери боюнча бөлүм | Жер адиси, айыл өкмөт башчысынын орун басары | Кадастр кызматы |
| 4 | Муниципалдык мүлктү ижарага берүү | Ижарага берүүдө айрым адамдарга артыкчылык берүү, бааны негизсиз төмөндөтүү | Реалдуу | Жогорку | Муниципалдык мүлк боюнча жооптуу адис | Муниципалдык мүлк боюнча жоопту адис, жер адиси, салык маселеси боюнча жоопту адис | Жок |
| **Функциясынын түрү: контролдоо жана көзөмөлдөө** | | | | | | | |
| 5 | Муниципалдык жерлердин пайдаланылышын көзөмөлдөө | Мыйзам бузууларды жашыруу үчүн пайда алуу мүмкүнчүлүгү | Потенциалдуу | Орточо | Жер маселелери боюнча бөлүм | Жер адиси | Кадастр кызматы |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Муниципалдык мүлктүн пайдаланылышын көзөмөлдөө | Текшерүү актыларын бурмалоо мүмкүнчүлүгү | Потенциалдуу | Орточо | Аппарат | Тиешелүү адистер | Жок |
| **Функциясынын түрү: башка функциялар** | | | | | | | |
| 7 | Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү | Тендердик талаптарды белгилүү жеткирүүчүгө ылайык түзүү | Реалдуу | Жогорку | Тендердик комиссия | Комиссия мүчөлөрү, бухгалтер | Жок |
| 8 | Бюджеттик каражаттарды пайдалануу | Жалган актылар аркылуу төлөм жүргүзүү, каражаттарды максатсыз пайдалануу | Реалдуу | Жогорку | Финансы бөлүмү | Башкы бухгалтер, бухгалтер кызматкерлери | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| 9 | Социалдык жардам алуучулардын тизмесин тактоо | Туугандык же жеке кызыкчылык негизинде тизмеге киргизүү | Потенциалдуу | Орточо | Социалдык маселелер боюнча адис | Социалдык адис | Райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгы |
| 10 | Кадрларды тандоо жана жумушка кабыл алуу | Конкурсту формалдуу өткөрүү, тааныштарды кызматка алуу | Потенциалдуу | Орточо | Аппарат | Айыл өкмөт башчысынын орун басары, Жоопту катчы | Жок |



Сканировано с CamScanner

*Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн*
*2026-жылдын 7-июлундагы*
*№ 01-9/105 тескемеси*
*менен кабыл алынган*
*№ 2-тиркеме*

## КОРРУПЦИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ АЗАЙТУУ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ

| № | Иш-чаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Жоопту кызматкер | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Коррупциялык тобокелдиктерге үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү жана кайра баалоо | Жарым жылда бир жолу | Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары, юридикалык маселелер боюнча адис | Тобокелдиктер өз убагында аныкталып, чаралар көрүлөт. |
| 2 | Муниципалдык жерлерди берүүдө мыйзамдуулукту камсыз кылуу | Туруктуу | Жер маселелери боюнча адистер | Ачык-айкындуулук камсыз кылынат. |
| 3 | Мамлекеттик сатып алууларды мыйзамга ылайык өткөрүү | Туруктуу | Сатып алуулар боюнча жооптуу адис | Мыйзам бузуулар алдын алынат. |
| 4 | Муниципалдык мүлктү ижарага берүүдө ачык-айкындуулукту камсыз кылуу | Зарылдыгына жараша | Муниципалдык мүлк боюнча адис, Салык маселеси боюнча адис | Мүлк натыйжалуу пайдаланылат. |
| 5 | Кадрларды ачык конкурс аркылуу кабыл алуу | Зарылдыгына жараша | Башчынын орун басары, Жоопту катчы | Калыстык камсыз кылынат. |
| 6 | Кызыкчылыктардын кагылышын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Жыл ичинде | Юридикалык маселелер боюнча адис | Алдын алуу чаралары күчөтүлөт. |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Коррупцияга каршы мыйзамдар боюнча окууларды өткөрүү | Жарым жылда бир жолу | Юридикалык маселелер боюнча адис | Укуктук билим жогорулайт. |
| 8 | Жарандардын кайрылууларын өз убагында кароо | Туруктуу | Тиешелүү кызматкерлер | Кызмат көрсөтүүнүн сапаты жогорулайт. |
| 9 | Коррупция фактылары боюнча маалыматтарды мыйзамга ылайык кароо | Дароо | Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары, Жоопту катчы | Жоопкерчилик камсыз кылынат. |
| 10 | Коррупциялык тобокелдиктердин реестрин жаңылоо | Жыл сайын | Юридикалык маселелер боюнча адис | Реестр актуалдуу жүргүзүлөт. |
| 11 | Пландын аткарылышын талдоо жана маалымат берүү | Ар бир жарым жылдыкта | Жоопту катчы | Аткарылышына көзөмөл жүргүзүлөт. |

**Эскертүү:**

Жогорудагы иш-чаралар планында көрсөтүлгөн иш-чаралардын аткарылышы боюнча жооптуу аткаруучулар ар бир айдын **30-күнүнө чейин** аткарылган иштер жөнүндө маалыматтарды (отчетторду, маалыматтык каттарды жана тиешелүү ырастоочу документтерди) жалпылоо үчүн **айыл өкмөтүнүн жоопту катчысына** кагаз түрүндө тапшырууга милдеттүү.

Сканировано с CamScanner